**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
НУРЖАНОВ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫ
НУРЖАНОВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
НУРЖАНОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
НУРЖАНОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2023ж 3-ноябрь № 42 **Жон-Арык айылы**

**Талас районунда административдик-аймактык реформаны ишке ашыруу жөнүндө**

Нуржанов айыл аймагынын Жон-Арык жана Көк-Токой айылында өткөрүлгөн элдик жыйындардын протоколуна таянып, Нуржанов айылдык Кеңешинин 8-чакырылышынын кезексиз 26-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Талас районундагы административдик-аймактык реформаны ишке ашыруу боюнча жумушчу тобунун №1 чечими колдоого алынсын;

2. Нуржанов айыл аймагын, Долоно айыл аймагын, Көк-Ой айыл аймагын бириктирүү менен Кең-Кол айыл аймагы болуп аталсын;

3. Бириккен Кең-Кол айылдык аймагынын борбору Көк-Ой айылында жайгашсын;

4. Бириктирилип жаткан айыл аймактын картасын, чек араларын, жайыт жер аянттарын, калкынын санын тактоо иштерин райондук мамлекеттик администрациясына түзүлгөн жумушчу тобу менен иш алып баруу жагы Нуржанов айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жайнаковго жүктөлсүн;

5. Токтомду көзөмөлдөө жагы Нуржанов айылдык кеңешинин төрагасынын орун басары Кадыркулов Төлөгөнгө милдеттендирилсин;

6. Аталган токтом Талас райондук мамлекеттик администрациясынын http://talasrai.gos.kg расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Айылдык кеңештин төрагасы:** **Д.Беренбаев**